**МУРАТОВА С.**
**lib.knu@mail.ru**

# «МАНАСТЫ» БИЗ АСЫРАЙ АЛДЫКБЫ?

Советтик доордогу 70 жылдан ашык маданияттуу коллония мезгилинде кыргыз элине жалпы билим берип, туташ сабатсыздыкты жоюп, 7 жаштан 70 жашка чейинки эки муунду билимдүү кылганы менен кандайдыр бир деңгээлде советтик идеологияга тымызын туташтырып, эзелтен берки учтан түпкө уланып келаткан улуу мурасыбыз «Манас» эпосуна салкын мамиле жасалганы жашыруун эмес. Өз тарыхыбызды өздөштүрүүнүн ордуна Россиянын тарыхын окуп, биздин тарыхыбыз көмүскөдө калып, улутубуздун уңгусу үзүлүп калаар мезгилинде (эгерде дагы 50 жыл маани бербегенибизде) улуу рухтун күчү селт этип ойготтурду окшойт. Советтик доордо биз «Манасты» аздектеп өздөштүрүүнүн ордуна биздин интеллигенция үч ирет катаачылык кетирди. Бул мисалдарды факты менен далилдөөгө аракет кылайын:

**Биринчиси -** 1960-жылдары Туркиядан атайын белгилүү «Манас» изилдөөчү окумуштуу - Абдулкадыр Инан Кыргызстанга келип, Жалал-Абад курортунда эс алып жатып, ошол жерде чогуу эс алып жаткан жазуучу Насридин Байтемировдон «Манас» жана Саякбай тууралуу сурайт. Ал эч жооп айталбай, эмнеси болсо да жердеши, ары санжырачы деп, Акмат Карыбаевге жиберет. Абдулкадыр Инан Акмат Карыбаевге келет. Ал киши да билбейм дегенден уялып, ошол учурда Мухтар Ауэзовдун «Абай» романын жаңы эле окуп бүткөн экен, болду болбоду Абайдын өмүрүнө окшош болсо керек деп, уруп согуп, Саякбайдын ата тегин бай-манап, залим манап болгон деп айта баштаганда: «… токтоңуз аксакал, сиз Саякбайды билбейт экенсиз, Саякбайдын көзү тирүүсүндө өз оозунан сурап жазып коюңуз, кийин бул табылгыс, баа жеткис дастан болот»-деп уяткарган экен. Ошондон көп өтпөй эле Акмат Карыбаев Саякбайды жандап жүрүп, көп маалыматтарды топтой баштайт.

**Экинчиси -** Саякбай Каралаевдин вариантын КТРдин үн жаздыруучу студиясында 60-жылдары улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун демилгеси менен жаздырып жатканда, биздин жетекчилер: "тиерин тигинтип айт, биерин минтип айт, көп канкор кылба, жоокердигин азайт-деп бюрократтык мамиле жасашканда: -...эмне, мындан ары Манасты коммунист кыл деген турасыңарбы?-деп, студиядан сөгүнүп чыгып кеткен күндөрү болгон (санжырачы А. Карыбаевдин эскерүүсүндө). Ушундай кирүүлөрдөн соң, Саякбайдын варианты толук деңгээлде жазылып калдыбы? - деген суроо туулат. Улам, улам киришүүлөр айтуучуну транстык байланыштан ажыратып, сюжеттен чыгып кетүүлөр албетте варианттын толук жазылышына кедергисин тийгизген. Үндү жазып алууда эң сонун (ошол учурда мындай студия союз боюнча алты эле мамлекетте болгон) студиялык шарт түзүлгөнү менен бурмалап айттыруу негизги өзөктүн бузулушуна алып келген. Бул катаалыгын ошол мезгилдеги жетекчилер сезе билишкен эмес, болгону ошол учурдагы идеологиянын саясатын аткаруу менен чектелип, улуттун уңгусу болгон рухий дөөлөтүбүздүн кендирин кесишкен. Рух-арбактар алдында бул кечирилгис күнөө. Ал Тургай Саякбайга гонарар акысын төлөбөй, аз жерден Мухтар Ауэзов Казакстанга алып кетип, үй жай, жакшы айлык, гонарар толөп берем дегенде, Саякбай макул болбой койгон (Саякбайдын кичүү кызы Күлсүндүн эскерүүсүнөн).

**Үчүнчүсү -** бул катаачылык кыргыз интеллигенциясынын такыр кечиргис катаачылыгы КТР деги кесиптештерим бетке айткан үчүн кечирип койсун. Биз бири-бирибизге тике айтпасак, сын көз менен карабасак бул катаачылыгыбызды тарых да кечирбейт, азыркы муундар да кечиргис одоно иш кылдык.

1995-жылы 25-августта ООНдун, ЮНЕСКОнун, 2000дөн ашык чет элдик коноктордун, жалпы түркологдордун катышуусунда «Манас» эпосубуздун миң жылдык маарекесин өткүрдүк. Албетте бул жакшы көрөлгө. Биз той, мааркелерди эт бетибизден түшүп, дүңгүрөтө өткөрөбүз бирок, бул маарекеде биз кылымдар бою элибиз ооз эки жатка айтып, муундан муунга мурас кылып келаткан улуу эпосубуз «Манасты» өз деңгээлинде даңазалай алдыкбы? Бул маарекени Туркиянын Евразия телеканалы дүйнөгө спутник байланышы аркылуу түз

чагылдырып берди. Бир  мезгилде техникалык катаачылыктан журналисттерге комментарий берүү учуру талап кылынып калды, ошондо түрк журналисти биздин дикторубузга  кайрылып, эфирден эки тилде түрк жана кыргыз тилдеринде комментарийди биргелешип берүүнү сунуш кылды. Туркиялык  журналист комментарий жасап, кезекти биздин дикторубуузга бергенде, «Манас» тууралуу эки ооз сөздү айта албай күлүп гана туруп берди. Бул не деген көрүнүш, улуттук интеллигенциянын деңгэээли ушулбу? «Манас-1000» маарекесине алып баруучулук милдети жүктөлгөндөн кийин эмне үчүн атайын даярданып албайт!

Экинчи ирет техникалык мүчүлүш болуп, эфирге дагы комментарий керек болуп калды. Анда да көрүнүктүү баяндамачыбыз Дүйшөк Мамбетөмүров эфирден өзүнүн чыгарган «махабат» ырларын бадыратып айтып турду. Ошол учурда Дүйшөктүн лирикаларын жарыялай турган учур беле? Эмне үчүн эки теле кызматкер тең «Манастын» өзөктүү окуяларынан же кыргыз радиофондусунда сакталып турган бай мурастарыбыздын көлөмүн, же жазылып калган манасчылырады, изилдөөчүлордү айтышпайт. Дүйнөгө жар салып, даңазалоочу учурду текке кетиришти, мажирөөлүк кылышты. Түрк дүйнөсү кулак төшөп турганда, дүйнөдө теңдеши жок дастаныбыз «Манас» эпосун даңазалай турган учурду пайдалана алган жокбуз.

Бүтүндөй түрк тилдүү эл көңүл бөлүп турганда биз «Манасты» ташка тамга баскандай даңазалай албадык. Ошол учурдагы маарекени уюштурган бардык кызматкерлер, түз эфирди көрүп тургандар бул көрүнүшкө ачык күбө.

Ушул жерден бир нерсе кылт этет: биз ата-бабаларыбыздан кыргыздын кандай нарк-дөөлөттөрүн, рухий мурастарын өздөштүрө алдык, кийинки муунга эмнелерди айта алабыз? Бул суроо мен кыргызмын деген ар бир инсандын акыл парасатында каны менен тең жүгүрүп, жүрөгү менен тең согуп турушу керек. Жогорудагыдай кетирген үч катаачылыктан улам, балким рух-арбактар бизди кечирбей, уругум майдаланды деп, наараазы болуп тургандыр.

Дүйнөдө элдик ооз эки дастандар VI кылымда пайда боло баштаган. Ошолордун ичинен эң көлөмдүүсү айтылуу «Манас» дастаны (Саякбайдын варианты боюнча 500553 сап). Гректердин «Илиада» менен «Одиссея» дастандары биригип араң 27000 сапты түзөт. Демек ушундай алп дастанды негиздеген, жараткан улуу элдин урпактары эмнеге чабал иш кылат?

Кандай болбосо дагы Макелек Өмүрбайдын: «… силер «Манасты» асырай албайсыңар» - деген сыны төгүн жерден чыкпаса керек.

Эрте орто кылымдардан бери кыргыз эли башка улуттардан айырмаланып, дастандарын жазуусуз, ооз эки башына сактап, муундан мунга өткөрүп келген дүйнөдө жалгыз феномен калк. Биз учурда  улуттун энчилүү уңгусу - «Манас» эпосун толук өздөштүрө албай, жүдөп турганыбызды мезгил өзү кечирбейт. Бар байлыгыбызга, бай мурасыбызга ээ боло албай тургандын өзү - рухий жакырчылыктын жеткен чеги эмеспи.

Ошон үчүн элибиздин намыскөй атууладары биригип 2010-жылдын башында “Манас эли” коомдук кыймылын негиздеп, бир жыл ичинде бир топ алгылыктуу иш чараларды аткарды. Бул кыймыл Кыргыз улуттук Илимдер академиясы, Билим берүү министрлиги жана Маданият жана маалымат министрликтери аткарбаган иш-чараларды өз демилгелери менен аткарып, эл арасында  кыска убакыттын ичинде оозго алынаарлык иш чараларды аткарды.

“Манасты” окутуунун тепкичтүү программасын: биринчи-балдар бакчасында, экинчи-орто мектептерде, колледждерде окутуу, үчүнчү - жогорку окуу жайларда окутуунун программаларын иштеп чыгуунун колго алышып, ар бир баскычтагы программаларды түзүүгө атайын комиссияларды бектитти.

Учурда элибиз өзүн өзү таануунун жаңы дооруно өттү десек жаңылышпайбыз. “Манас” дастаны кылымдарды карытып келген кыргыз элинин тарыхый энциклопедиясы болгондуктан биз улуттук нарк-дөөлөттөрүбүздүн нукура салттуу наркын-насилин Манастан гана табалабыз. Ошол үчүн “Манас” элибизди сактап келген.

Учурда биздин интеллигенция катмары башкача айтканда саясый элиталар дастанынын мазмуунун билбегендиктен айкөлдүүлүк - кечиримдүүлук, сабырдуулук касеттерине ээ боло алышпай жатат. Бизде элдик эпикалык дастандарды өздөштүрмөйүн нукура кыргыздын насилин орнотуу кыйын. Бул маселени бала түйүлдүктө экенде эле баштоону таалап кылат. Бул үчүн дастандан илимроздор улуттук этнопедогогикалык тарбиялоо  жолдорун таап чыгуу керек. Биз бир гана даяр медицинага, даяр бала бакчаага жана мектептерге гана балдарды жүктөп

коюп,ата-энелер, баашка тийиштүү мекемелер буга көңүл бурбай келебиз. Чыныгы этнопедогогика "Манаста" жатканын илимпоздорубуз кеч туйдубу? деген суроо туулат. Учур бизден дастандагы этнопедогогиканы өздөштүрүүнү талап кылат. Биз мезгилден артта калгандайбыз, себеби балдарыбыз техниканын өнүккөн доорунда жашап жаткандыктан биздин этнопедогикабызга карагаанда техникалык илимдерге ооп кетти. Биз эми дастанды окутуунун жаңы ыкмаларын же кыска варианттарын иштеп чыгуубуз зарыл. Антпесек биз азыркы муундарга дастандын күчүн касиетин жеткирүү жөн гана фантастика бойдон кала берет. Учурда жаш муундар "Манас" болгон окуябы же жөн эле жомокбу? – деп көп сурашат. Буга дайыма биз токтолбостон: "Манас" болгон окуя болбосо, Айкөлдүн баскан турган жерлери тууралуу топонимикалык аталыштар ушул күнгө чейин жетет беле деген жоопту кесе айтпасак алар дале болсо "Манас" – бул жөн гана апыртылып айтылган жомок деп келатышат.

"Манастын" эң алгачкы айтуучулары –Жайсаң ырчы менен Ырамандын Ырчы уулу. Алар Манас баатыр менен үзөнгүлөш жүрүшүп, доону бирге доолашып, жоону бирге жоолашып, жакшылык менен жамандыкты баштарынан кечиришип, жалпы эле Адам баласынын өмүрү, анын уланышы тууралуу терең осуяттарды калтырышкан көп кырдуу өнөрдүн ээлери болушкан[1]. "Кыргыз элинин маданий тарыхында манасчылык өнөрдүн качан пайда болуп, атайын кесип катары калыптанып, өнүгүп сакталып келе жаатканын так айтууга мүмкүн эмес. Анткени, биринчи айтуучу жомокчу ким болгондугу жөнүндөгү маалымат "Манастаануу" илиминде Жайсаң ырчы деп таанылып, ал тургай эзоторикалык байланыштан алынып жазылган маалыматтар өзүнчө китеп болуп, он томдугу басылып чыкты.

Манастын жаралышы, түптөлүшү, жашап өткөн жерлерин топономикалык аталыштары ушул кезге чейин аталып келаткaны да буга далил. Манас эпосуна байланыштуу тарыхый маданий жана уламыш эстеликтер Бишкек шаары боюнча 4 жерде, Чүй областы боюнча 8, Ыссык-Көл областы боюнча 10,Нарын областынын 18, Жалал-Абад областынан 10, Ош жана Баткен областыныыын аймактарынан 25 топономдик далилдер бар[2].

Демек, мындан биз жыйынтык чыгарганда - Манас бул тарыхый жашап өткөн инсан десек жаңылышпайбыз. Анткени топономикалык байланыштар бул чыныгы болумуштан баян берип, далилдеп турат.

[1] Жумалиев М. Манасчы-айтуучулук онор. Бишкек. 2002. 89-90-бб.
[2] Манасчылар жана изилдоочулар. Бишкек, 1995-жыл 213-221-бб.